**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**
**«Ж. Баласагына атындагы КУУ ОМК чечими менен»**
**«19» сентябрь 2025 г**
**Протокол № _**

**«БЕКИТЕМИН»**
**«Ж. Баласагын атындагы КУУнун ПКнин чечими менен»**
**«17» 10 2025 г**
**Протокол № 1**
**Ж. Баласагына атындагы КУУнун ПКнин төрагасы**
**доцент А.Б.Шамшиев** ________________

# Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун орто жалпы билим берүү бөлүм-программасынын окуу процессин уюштуруунун

# РЕГЛАМЕНТи

Scanned with CamScanner

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Ж.Баласагын атындагы КУУ) окуу түзүмдүк бөлүмдөрүндө окуу процессин уюштуруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Уставына ылайык жалпы билим берүү системасынын негизинде ишке ашырылат.

1.2. Бул Билим берүү жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Ж. Баласагын атындагы КУУнун орто жалпы билим берүү программасынын жалпы талаптарын жана окуу процессин уюштуруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы N 131-токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына жана бекитилген базистик окуу пландарына таянып, Ж. Баласагын атындагы КУУнун орто жалпы билим берүү программасы тарабынан ишке ашырылат.

Регламентте төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

**базистик окуу планы** – милдеттүү предметтердин тизмегин, аларды окутуунун ырааттуулугун, окуу жүктөмүнүн көлөмүн белгилеген документ;

**баалуулук** – жарандардын акыл-эсин, ой-сезимин, пикирин, табитин жана жалпы маданиятын калыптандырган жана өнүктүргөн, ошону менен бирге коомдун алга жылышына оң таасирин тийгизген салттуу жана заманбап, рухий жана материалдык, улуттук жана дүйнөлүк туруктуу болмуштар;

**билим берүү чөйрөсү** – иштин белгилүү чөйрөсүнө таандык, илимий жана практикалык иштин педагогикалык жактан ыңгайлашкан тажрыйбасы түрүндө берилген билим берүүнүн мазмуну;

**билим берүү (окуу) программасы** – предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан жана предметтин мазмунун темалары, 4 бөлүмдөрү жана окутуу мезгилдери боюнча бөлүштүргөн, уюштуруу педагогикалык шарттарды, анын ичинде болжолдуу календардык-тематикалык

пландаштырууну жана билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формаларын жөнгө салуучу документ;

**баалоо** – билим алуучулардын этикалык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө жана алар турмушта зарыл болгон компетенцияларга ээ болуусуна, ошондой эле бул иштин натыйжаларынын шайкештигин аныктоо үчүн кайтарым байланышты жүзөгө ашырууга багытталган билим алуучулардын таанып-билүү ишин өлчөө, интерпретациялоо жана талдоо процесси;

**диагностикалык баалоо** – билим алуучунун калыптанган компетенцияларынын прогрессин андан ары баалоо үчүн анын башталгыч деңгээлин аныктоочу процесс;

**жалпы билим берүү** – бүтүрүүчүнүн коомдо активдүү иштеши үчүн жетиштүү болгон, анын деңгээлдерине ылайык келген билимди, жөндөмдөрдү, баалуулуктарды жана тажрыйбалык көндүмдөрдү камсыз кылуучу тарбиялоо жана окутуу системасы; жашыл көндүмдөр – экологиялык коопсуз жашоо ыкмаларын өздөштүрүү, туруктуу жана ресурстарды үнөмдөөчү коомду өнүктүрүү жана колдоо, экологиялык көйгөйлөрдү аныктоо, чечүү жана алдын алуу үчүн зарыл болгон билим, баалуулуктар жана мамилелер;

**интеграция** – билим алуучулардын дүйнөнү бирдиктүү кабылдоосун калыптандырууга жана негизги компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүгө багытталган айрым предметтердин, билим берүү чөйрөлөрүнүн, жалпы эле билим берүү процессинин алкагындагы мазмундун түзүмдүк компоненттеринин ортосундагы байланыштарды түзүүнү жана өз ара аракеттенүүсүн камсыздаган процесс;

**компетенттүүлүк мамиле** – билим берүү процессинин концептуалдык негизи, ал билим алуучулардын жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө ийгиликтүү аракеттенүүсүн камсыз кылуучу компетенттүүлүктөрдү калыптандырат; критериалдык баалоо – так аныкталган, биргелешип иштелип

чыккан, билим берүүнүн максаттарына жана мазмунуна шайкеш келген жана билим алуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө түзгөн, билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн алдын ала белгилүү болгон критерийлер менен салыштырууга негизделген билим алуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо;

**калыптандыруучу баалоо** – билим алуучулардын окутуу процессинде кандай деңгээлде экендигин, алар кайсы жерде кыйынчылыктарга дуушар болуп жаткандыгын жана билим алуучу менен педагогдун окутуу процессин жакшыртуу үчүн кандай кадамдарды жасаш керектиги жөнүндө педагогду маанилүү маалымат менен камсыздаган баалоо;

**модулдук-уя ыкмасы** – негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган билим берүү мазмунун системалаштыруу үчүн методологиялык негиз. Анын структурасы билимдин жана жөндөмдөрдүн жаңы элементтерин толуктоо мүмкүнчүлүгү менен кеңири компетенттүүлүктөрдү жана алар менен байланышкан негизги көндүмдөрдү бириктирген «уяларга» негизделген;

**негизги компетенттүүлүктөр** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик заказга ылайык аныкталган, көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылуучу жана билим алуучулардын социалдык тажрыйбасына негизделген билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжалары;

**окутуу** – билим алуучулардын билимди, жөндөмдөрдү, көндүмдөрдү жана компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүү, билимин күнүмдүк жашоодо колдонууда тажрыйбага ээ болуу жана өмүр бою билим алууга шыктануусун калыптандыруу боюнча ишин уюштуруунун максаттуу багытталган процесси;

**предметтик стандарт** – предметтин алкагында билим алуучулардын билим алуудагы натыйжаларын, аларга жетишүү ыкмаларын жана өлчөө жолдорун регламенттөөчү документ;

предметтик компетенттүүлүктөр – билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө айрым предметтердин материалында аныкталуучу компетенттүүлүктөр;

**суммативдик (учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу) баалоо** – билим алуучулардын окутуунун натыйжаларына жетишкен даражасын аныктоо, алар баа коюу менен туюндурулат;

**тарбиялоо** – инсанды өнүктүрүүгө, коомдо кабыл алынган жүрүм-турум эрежелеринин жана ченемдеринин, социалдык-маданий, руханий адеп-ахлактык баалуулуктардын негизинде билим алуучуга өзүн-өзү аныктоого жана социалдашууга шарттарды түзүүгө багытталган иш;

**функционалдык сабаттуулук** – адамдын ишинин, баарлашуунун жана социалдык мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүндө ар кандай практикалык жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн окутуу процессинде дайыма алган билимдерин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн колдоно алуу жөндөмдүүлүгү.

1.4. Ж.Баласагын атындагы КУУда орто жалпы билим берүүнү ишке ашыруу төмөнкү билим берүү программаларын камтыйт:

- орто жалпы билими (окууну аяктаганда аттестат берилет);

1.5. Окутуу Ж.Баласагын атындагы КУУда билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн билим берүү ишин жүргүзүү укугу бар лицензиялар боюнча Кыргыз Республикасынын лицензиялык талаптарына ылайык билим берүү программалары боюнча жүргүзүлөт, окуунун типтүү мөөнөтү 2 жыл (10-11-класстар).

## 2. ОКУУ ЖЫЛЫНЫН ТҮЗҮМҮ

2.1. Окуу жылы ар жылдын 1-сентябрында башталат, эмки жылдын 25-майында аяктайт. Окуу жылы 34 жумадан турат (1-жарым жылдык 16

Scanned with CamScanner

жумадан, 2-жарым жылдык 18 жуманы түзөт). Жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамендерди тапшыруу үчүн 2,5-3 жума берилет.

2.2. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин жана алардын ишинин ыргагын, окуунун натыйжаларын баалоонун объективдүүлүгүн жана окуунун сапатын көзөмөлдөө максатында окуу жылы: эки жарым жылдыктан турат жана окуу процессинин бекитилген графигине ылайык түзүлөт.

2.3. Бир жарым жылдык структуралык жактан, эреже катары, төмөнкүлөрдөн турат:

- практикалык окуу (окуу материалы, тесттер, диктанттар, тестирлөө);

- каникулдар.

2.4. Окуу жылында күзгү, кышкы жана жазгы каникулдар пландаштырылган.

Эс алуу графиги (жыл сайын өзгөрүп турат):

Күзгү каникул: 2025-жылдын 5-ноябрынан 9-ноябрына чейин сабактар 10-ноябрда башталат.

Кышкы каникул: 2025-жылдын 31-декабрынан 2026-жылдын 11-январына чейин сабактар 12-январда башталат.

Жазгы каникул: 2025-жылдын 6-мартынан 8-мартына чейин сабактар 9-мартта башталат.

Май (майрам): 2026-жылдын 1-майынан 10-майына чейин, сабактар 2026-жылдын 11-майында башталат.

## 3. ОКУУ ПРОЦЕСИН УЮШТУРУУ

3.1. Ж. Баласагын атындагы КУУнун орто жалпы билим берүү программасы үчүн базистик окуу планы билим берүүнүн төмөнкү деңгээли үчүн иштелип чыккан:

Scanned with CamScanner

– орто жалпы билим: 10–11-класстар.

3.2. Базистик окуу планы окуу предметтеринин тизмесин жана жалпы орто билим берүү үчүн окуучулардын окуу жүктөмүнүн көлөмүн алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык белгилейт, интеграцияланган педагогикалык процессти уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча талаптарды ишке ашырат.

3.3. Регламент төмөнкүдөй билим берүү багыттарын аныктайт, алардын ар бири базистик окуу планында бекитилген академиялык предметтерден турат:

– филологиялык;

- социалдык;

- математикалык;

– табият таануу;

– искусство жана технология;

- ден соолук маданияты.

3.4. Жалпы орто билим берүүнүн деңгээлинде окуучуларга окутууну дифференциациялоого жана жекелештирүүгө багытталган адистештирилген окутуунун багытын тандоо мүмкүнчүлүгү берилет, бул окуу процессинин түзүмүн, мазмунун жана уюштуруусун өзгөртүү жолу менен үзгүлтүксүз билим алууга же эмгек рыногуна чыгууга карата анын кесиптик кызыкчылыктарына жана керектөөлөрүнө ылайык окуучунун кызыкчылыктарын, ийкемдүүлүгүн жана жөндөмдүүлүгүн эске алууга мүмкүндүк берет.

3.5. 10-11-класстарда окутуучунун 1,0 ставка жүктөмү жумасына 18 саатты түзөт. Максималдуу жүктөмү 27 сааттан ашпаш керек.

3.6. Беш күндүк окуу. Окуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

Сабактар 80 минута уланат.

Сабактардын регламенти:

Scanned with CamScanner

| № | убактысы |
|---|---|
| 1-пара | 8:30-9:50 |
| 2-пара | 10:00-11:20 |
| 3-пара | 11:30-12:50 |
| 4-пара | 13:00-14:20 |

## 4. БААЛОО СИСТЕМАСЫ

4.1. Окуучулардын класстагы жеке билим жетишкендиктерин жана ийгиликтерин өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу.

Диагностикалык баалоо – билим берүү процессин адаптациялоо үчүн белгилүү бир чөйрөдөгү компетенциялардын, билимдердин же көндүмдөрдүн баштапкы деңгээлин аныктоо жана андан кийин студенттин жетишкендигин баалоо.

Диагностикалык баалоонун натыйжалары жалпыланган сыпаттамалар түрүндө жазылат жана мугалимдин окуу максаттарын жана окуучунун окуу максаттарын коюу менен окуу процессине ондоолорду киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп кызмат кылат.

Формативдик баалоо – окуу процессин оперативдүү тууралоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү жана конструктивдүү пикирлерди берүү аркылуу өз убагында колдоо көрсөтүү максатында окуучунун окуу процессине мониторинг жүргүзүүнүн жана маалымат чогултуунун максаттуу үзгүлтүксүз процесси.

Суммативдик баалоо – окуучулардын билиминин окуу стандарттарынын нормаларына жана талаптарына шайкештигин аныктоо, окутуунун пландаштырылган натыйжаларын өздөштүрүү деңгээлин көрсөтүү. Суммативдик баалоо академиялык бөлүмдү, теманы, академиялык мезгилди (семестр, жыл) аяктагандан кийин жыйынтыктарды аныктоо үчүн класс

Scanned with CamScanner

ичиндеги баалоо катары системалуу түрдө, ошондой эле сырттан сынак, жыйынтыктоочу баа жана тестирлөө түрүндө жүргүзүлөт.

4.2. Окуу деңгээли боюнча баа берүүнүн өзгөчөлүктөрү.

10-11-класстан баштап класс ичиндеги баалоо критерийлерге негизделген, билим берүүнүн натыйжаларына карата прогрессти аныктоого, окууга ички мотивацияны стимулдаштырууга, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү талдоо жана курдаштарын баалоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

11-классты аяктагандан кийин мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган форматта өткөрүлөт.

## 5. ОКУУЧУНУ КЛАССТАН КЛАССКА КӨЧҮРҮҮ

5.1. 10-класстын окуу планынын талаптарын толук аткарган жана финансылык карызы жок окуучулар программанын башчасынын билдирмесинин негизинде КУУнун ректорунун буйругу менен кийинки класска которулат.

5.2. Окуучулардын фамилиясы, аты жана атасынын аты менен тизмеси билдирмеге тиркелип, студенттик кадрлар бөлүмүнүн инспектору менен текшерилет. Тизме окуу топтору боюнча түзүлөт. Эгерде окуучулардын тизмеси бир нече баракта түзүлсө, анда КУУнун окуу бөлүмүнүн башчысы жана программанын башчасы ар бир баракка кол коюшат.

Scanned with CamScanner